DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

Тайырова Р.У., Сагыналиева Н.К.

САБАКТЫН ОЮН ФОРМАСЫН УЮШТУРУУ МЕТОДИКАСЫ

Тайырова Р.У., Сагыналиева Н.К.

МЕТОДИКА ОРГАНИЗАЦИИ ИГРОВОЙ ФОРМЫ УРОКА

R.U. Taiyrova, N.K. Sagynalieva

METHOD OF ORGANIZING THE GAME FROM OF THE LESSON

УДК: 51: 378.147

Макалада сабактын оюн формасын уюштуруунун айрым өзгөчөлүктөрү берилип, окуучуларды математикага кызыктыруу каралды. Сабактын кайсыл бөлүктөрүнө оюн технологиясын колдонуунун фрагменти берилди. Сабактын жүрүшү оюн формасында жүргүзүлсө, анда оюнга аң-сезимдүүлүк менен катышкан балдар өзү байкабастан эле белгилүү билимге, билгичтикке, көндүмдөргө ээ болушат. Ошондой эле балдардын көңүл коюусу, эске сактоосу калыптанып, байкагычтыгы, тапкычтыгы, өрчүп, билим алууга кызыгуусу пайда болот. Оюнга балдардын ар бири активдүү катышканда гана алар үчүн оюн кызыктуу болот. Оюнду жүргүзүү процессинде белгилүү аракеттер аныкталып, конкреттүү тапшырмалардын аткарылышы зарыл. Ошондо гана оюн балдардын аң сезимине белгилүү кандайдыр бир из калтырат жана алардын ойлоосун, пикир жүргүзө билүүсүн калыптандырат.

Негизги сөздөр: *сабак, оюн, технология, репродуктивдүү, интерактивдүү, социомаданий, ишмердүүлүк.*

В статье даны некоторые особенности организации игровой формы урока, рассмотрено как можно заинтересовать учащихся к математике. Дан фрагмент урока, где можно использовать игровые технологии. В статье описаны некоторые особенности организации игровой формы занятий, а также интерес учащихся к математике. К каким частям урока был дан фрагмент использования игровой технологии. Если ход занятия ведется в игровой форме, то дети, участвующие в игре с умственной отсталостью, без личного наблюдения приобретают определенные знания, умения, навыки. Также у детей формируется внимание, память, появляются наблюдательность, находчивость, желание развиваться и учиться. Игра для детей будет интересной, если каждый из них примет активное участие. В процессе проведения игры должны быть определены определенные действия и выполнены конкретные задания. Только тогда игра оставляет определенный след в сознании детей и формирует у них мышление, умение мыслить.

Ключевые слова: *урок, игра, технология, репродуктивный, интерактивный, социокультурный, деятельность.*

The article gives same features of the organization of the game from the lesson, it is considered how students can be interested in mathematics. It is given, a fragment of a lesson where you can use gaming technology. The article describes some features of the organization of the game form of classes, as well as the interest of students in mathematics. To what parts of the lesson was given a fragment of the use of game technology. If the course of the lesson is conducted in a playful way, the children participating in the game with mental retardation, without personal supervision acquire certain knowledge, skills, skills. Also, children develop attention, memory, observation, resourcefulness, desire to develop and learn. The game for children will be interesting if each of them takes an active part. During the game, certain actions must be defined and specific tasks performed. Only then does the game leave a certain mark in the minds of children and forms their thinking, the ability to think.

Key words: *lesson, games, technology, reproductive, interactive, sociocultural, activity.*

Мектеп программасында окуучуларды активдештирүү методдору жана анын формалары боюнча билим берүү же билим алуу үчүн да пайдалуулугун көрүүгө болот. Учурдагы жаңычыл техниканын мезгилинде бул методдордун орчундуу орду бар деп айтсак болот. Себеби мындай ыкмалар мугалим менен окуучунун ортосундагы пикир алмашуусуна, аңгемелешүүсүнө, баарлашуусуна, өз ойлорун эркин айтууга, эң негизгиси азыркы окуучуларды математикалык тилде сүйлөтүүгө үйрөтүү үчүн чоң өбөлгө түзөт. Негизгиси сабакка болгон кызыгууну арттырууда, окуучуларды алдыга тартуучу стимул бул окутуунун методдорун колдонуу болуп саналат. Мында билим берүүчү активдүү, ал эми билим алуучу пассивдүү деген илимий гипотезадан алыс болуу керек. Анткени методдорду колдонууда окутуучу багыт берүүчү катары болуп саналат. Ошондуктан окуучулар пассивдүүлүктөн көз каранды болбой, өз оюн так, ачык, туруктуу, ишенимдүү айтып, турмушта колдоно билүүсүнө толугу менен мүмкүндүк түзөт [3].

Сабактын жүрүшү оюн формасында жүргүзүлсө, анда оюнга аң сезимдүүлүк менен катышкан балдар өзү байкабастан эле белгилүү билимге, билгичтикке, көндүмдөргө ээ болушат. Ошондой эле балдардын көңүл коюсу, эске сактоосу калыптанып, байкагычтыгы, тапкычтыгы, өрчүп, билим алууга кызыгуусу пайда болот. Оюнга балдардын ар бири активдүү

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

катышканда гана алар үчүн оюн кызыктуу болот. Оюнду жүргүзүү процессинде белгилүү аракеттер аныкталып, конкреттүү тапшырмалардын аткарылышы зарыл. Ошондо гана оюн балдардын аң сезимине белгилүү кандайдыр бир из калтырат жана алардын ойлоосун, пикир жүргүзө билүүсүн калыптандырат.

Оюндун мазмуну окуучулардын ой-жүгүртүүсүн өркүндөтүүгө көмөкчү болууга тийиш. Ошол себептен оюнду уюштурууда төмөнкүдөй методикалык маселелерди тактап алуу керек:

1. Оюндун максатын аныктоо, б.а. сунуш кылынган оюнду жүргүзүү процессинде кандай математикалык билимге жана көндүмдөргө ээ болушу, оюндун кайсы учуруна көңүл буруу керек, социомаданий максаты кандай болушу мүмкүн экенин тактоо.
2. Оюн үчүн керектүү материалдардын же дидактикалык куралдардын керектелиши.
3. Оюнду уюштуруунун формасын тактоо.
4. Оюн үчүн убакыттын өлчөмүн аныктап алуу.
5. Оюнду жыйынтыктоодо кандай натыйжа чыгаруу керек [1].

Орто мектептин 7-классынын алгебра сабагында өтүлүүчү бир сабактын үлгүсүн карайлы.

Сабактын темасы: Бөлчөктөрдү бөлүү [2].

Сабактын максаты:

Билим берүүчүлүк: Бөлчөктөр менен жүргүзүлүүчү амалдарды кеңейтүү максатында бөлчөктөрдү бөлүүнү жана анын эрежесин үйрөнүшөт.

Өнүктүрүүчүлүк: Бөлчөктөрдү бөлүү менен болгон амалдарды аткарышат, бөлчөктөрдүн үстүндө жүргүзүлүүчү амалдарды аткарууга машыгууларын өркүндөтүшөт.

Тарбия берүүчүлүк: Биргелешип иштөөдө өз ара кызматташуу, математикалык символдорду туура жазуу көндүмдөрүнө ээ болушат.

Сабактын методу: Репродуктивдүү метод, оюн технологиясы.

Сабактын тиби: Аралаш, жаңы материалды окуп үйрөтүү.

Сабактын формасы: Алган билимдерди жалпылоо, кичи топтордо иштөө.

Сабакка чейинки мотивация:

- Бөлчөктөрдү бөлүүнүн турмуштук зарылчылыгын билүү;
- Бөлчөктөрдү кошуу, кемитүү амалдарын колдонуу, жалпы бөлүмгө келтирүү;
- Каалагандай сандарды бөлө билүү;

Милдеттер:

- Бөлчөк сандардын натуралдык санга бөлүнүшүн үйрөнүү;
- Бөлчөктөрдү бөлчөктөр менен бөлүү жөндөмүнө ээ болуу;
- Бөлчөктүү туюнтманы бүтүн туюнтмага, бүтүн туюнтманы бөлчөктүү туюнтмага алып келүү.

Күтүлүүчү натыйжа:

- Турмушта колдоно билүү;
- Окуучунун ой жүгүртүүсүнүн өсүшү;
- Бөлчөкөр менен болгон амалдарды жүргүзүүгө такшалышы;

1. Сабактын жүрүшү:

Уюштуруу: (Доскага тема жазып, плакаттарды илүү, саламдашуу, жоктоо, досканы даярдоо). Компьютерден проектор аркылуу төмөндөгү 1-сүрөт окуучуларга 10 секунд убакытча көрсөтүлүп, кайрадан жабылат. Окуучулар сүрөттөрдү жана анын жайгашуусун эстеп калуусу керек. Окуучулардын эстеп калуусу аркылуу мурунку сүрөттөлүштү кыркылып даярдалган фигураларды доскага жайгаштыруу менен калыбына келтиришет.



1-сүрөт.

Домино оюну:

Окуучулар эки топко бөлүнүшөт. Ар бир топ домино (карточкалардын комплекти) алышат. Окуучулар карточкадагы берилген көнүгүүлөрдү аткарышат жана жуптарга бириктиришип тизет. Кайсы топ биринчи бүткөн болсо, ошол топ жеңүүчү болуп эсептелет.

DOI:10.26104/NNTIK.2019.45.557

I топ

	$\frac{5}{3a}\cdot\frac{2b}{3}$	$\frac{3}{4}$	$\frac{5a}{8y}\cdot\frac{7}{10}$	$\frac{10b}{9a}$	$\frac{3x}{4}\cdot\frac{1}{x}$	$\frac{7a}{16y}$	$\frac{12x^5}{25}\cdot\frac{15}{8x^2}$
$\frac{35}{2x}$	$\frac{x^2-xy}{y}\cdot\frac{y^2}{x}$	$\frac{25y}{8}$	$15x^2\cdot\frac{7}{6x^3}$	$\frac{9x^3}{10}$	$\frac{25}{16y^2}\cdot 2y^3$	$(x-y)y$	

II топ

	$14ac\cdot\frac{1}{21b^3}$	$\frac{1}{axy}$	$\frac{3}{4a^3}\cdot\frac{16a^2}{9}$	$\frac{2ac}{3b^3}$	$\frac{xy}{a^2+a^3}\cdot\frac{a+a^2}{x^2y^2}$	$\frac{4}{3a}$	$\frac{11a^4}{6}\cdot\frac{12b}{a^5}$
$\frac{22b}{a}$	$\frac{12}{5x}\cdot\frac{x^3}{12a}$	$\frac{a(a+b)}{3b}$	$\frac{2b}{5a^3}\cdot 10a^2$	$\frac{x^2}{5a}$	$\frac{3a}{b^2}\cdot\frac{ab+b^2}{9}$	$\frac{4b}{a}$	

2. **Жаңы теманы түшүндүрүү.**
3. **Жаңы теманы бышыктоо, мисал чыгартуу.**

Сыйкырдуу дарак оюну.

Сыйкырдуу даракта алмалар бар. Ал алмалар кызыл, сары жана жашыл түстөгү алмалар. Кызыл түстөгү алмалар татаал мисалдар, ал эми сары түстөгү алмалар орто мисалдар, көк алмадагы мисалдар жеңил мисалдар жайгашкан.

Кызыл түстөгү алманы так чыгарган окуучу беш жылдызча менен бааланат. Ал эми сары түстөгү алманы чыгарган окучуу төрт бурчтук менен бааланат. Көк түстөгү алманы чыгарган окуучу үч бурчтук менен бааланат.

№118. Амалдарды аткаргыла:

1) $\frac{6x^2}{m^3n}:\frac{x}{3mn^2}=\frac{6x^2}{m^3n}\cdot\frac{3mn^2}{x}=\frac{18xn}{m^2}$

2) $\frac{35x^2y}{12ab}:\frac{7xy}{8ab^2}=\frac{35x^2y}{12ab}\cdot\frac{8ab^2}{7xy}=\frac{10xb}{3}$

3) $\frac{a^2b^3}{11mn^2}:\left(-\frac{4ab^3}{33mn}\right)=\frac{a^2b^3}{11mn^2}\cdot\left(-\frac{33mn}{4ab^3}\right)=-\frac{3a}{4bn}$

4) $-\frac{6xy^2}{5ab}:\frac{9x^2y^2}{10ab}=-\frac{6xy^2}{5ab}\cdot\frac{10ab}{9x^2y^2}=-\frac{4}{3x}$

5) $\frac{8mx^2}{3y^3}:(4m^2x)=\frac{8mx^2}{3y^3}:\frac{4m^2x}{1}=\frac{8mx^2}{3y^3}\cdot\frac{1}{4m^2x}=\frac{2x}{3y^3m}$

6) $15a^2bx:\frac{a^3b^2}{30x^2}=\frac{15a^2bx}{1}:\frac{a^3b^2}{30x^2}=\frac{15a^2bx}{1}\cdot\frac{30x^2}{a^3b^2}=\frac{450x^3}{ab}$

4. **Сабакты жыйынтыктоо.**

Бүгүнкү сабакта эмнелерди үйрөнгөнүбүздү окуучулардан сурап, дагы бир

бышыктоо жүргүзөбүз.

5. **Үй тапшырма берүү.**
6. **Окуучулардын билимин баалоо.**

Сабакта топтогон балдарынын орто арифметикалык маанисин табышат, ал баа окуучунун бүгүнкү сабакта алган жыйынтык баасы болуп, журналга түшүрүлөт.

Адабияттар:

1. Ыбыкеева Ж. «Элементардык математика» Математика в школе. - 2002-ж.
2. Макаречев Ю.Н., Миндюк Н.Г. «Алгебра 7-класс» - Б. 2003-ж.
3. Төрөгелдиева К.М. «Математиканы окутуунун методикасы». - 2007-ж.